| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИНЕ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТ ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ИШТЕРИ БОЮНЧА МАМЛЕКЕТТИК АГЕНТТИК | | ГОСУДАРСТВЕННОЕ АГЕНТСТВО ПО ДЕЛАМ ГОСУДАРСТВЕННОЙ СЛУЖБЫ И МЕСТНОГО САМОУПРАВЛЕНИЯ ПРИ КАБИНЕТЕ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ |
| --- | --- | --- |

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

26-март 2022-ж. № 72 Бишкек ш.

**Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук Концепциясын ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу боюнча Мамлекеттик агенттигинин иш-чаралар Планы жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 20-декабрындагы № 570 Жарлыгы менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук Концепциясын ишке ашыруу максатында жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 258 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу боюнча Мамлекеттик агенттиги (мындан ары - Агенттик) жөнүндө жобого ылайык, **буйрук кылам**:

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук Концепциясын ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу боюнча Мамлекеттик агенттигинин иш-чаралар Планы (мындан ары - План) аткарууга алынсын.
2. Түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилери квартал сайын, отчеттук мезгилден кийинки айдын 1ине чейин коррупцияны алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктууга Планды ишке ашыруу боюнча маалыматтарды берип турушсун.
3. Коррупцияны алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу квартал сайын, отчеттук мезгилден кийинки айдын 10уна чейин Планды ишке ашыруу боюнча жасалган иш жөнүндө маалыматты Кыргыз Республикасынын Коопсуздук кеңешинин катчылыгына жөнөтсүн.

4. Уюштуруу, аналитикалык иштер жана карьералык пландоо бөлүмү туруктуу түрдө Планды ишке ашыруу боюнча жасалган иш жөнүндө жыйынтыктарды Агенттиктин расмий сайтына жана жалпыга маалымдоо каражаттарына чагылдырып турсун.

5. Адам ресурстарын башкаруу жана иш кагаздарын жүргүзүү бөлүмү кызыкдар адамдарды бул буйрук менен тааныштырсын.

6. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо өзүмө калтырам.

Негиз: Кыргыз Республикасынын Коопсуздук Кеңеши менен макулдашып жана бекитилген Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук Концепциясын ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу боюнча Мамлекеттик агенттигинин иш-чаралар Планы (тиркелет).

**Директор** **Э.Н. Джантаев**